«Макулдашылды»
№2 педкенештин чечими

2021 жыл

«Бекитемин»
Байдылда Маленов орто
Мектептин мудуру
Сманалиева Ж.С

**Байдылда Маленов атындагы орто мектеби**
**Административдик кеңешме жөнүндө Жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Административдик кеңешме – бул мектептин билим берүү жана тарбия системасынын башкаруу органы, бир кишилик башкаруу формасы болуп саналат.

1.2.Ушул Жобо административдик кеңешменин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу локалдык акт болуп саналат.

**2. Максаттары жана милдеттери**

2.1. Административдик кеңешменин негизги максаты мектептин планынын ишин жөнгө салуучу, билим берүү процессиндеги актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүдөгү башкаруунун ыкчамдуулугу жана билим сапатын көтөрүү.

2.2.Милдеттери:

2.2.1.Мектептин көрсөтмөлөрүнүн, буйруктарынын аткарылышын, билим берүү областындагы мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө.

2.2.2.Билим берүү процессин уюштуруу тенденциясынын оң жана терс өжактарын жана ушунун негизинде өнүктүрүүгө сунуштарды иштетип чыгаруу.

2.2.3.Мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгынын эффективдүүлүгүн анализдөө.

2.2.4.Өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоонун сакталышын көзөмөлдөөнү камсыздоо.

**3.Административдик кеңешменин ишин уюштуруу жана курамы**

3.1. Административдик кеңешмеге катышат:
- мектеп администрациясынын мүчөлөрү;
- керектүү болгон мугалимдер жамаатынын мүчөлөрү;
- керектүү болгон техникалык персоналдар;
- керектүү болгон өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү.

3.2.Административдик кеңешке ишмердүүлүк боюнча маселеси каралган кызматкерлер чакыртылат.

3.3. Административдик кеңешме мектептин планынын негизинде айына бир жолу өткөрүлүп турат.

3.4.Административдик кеңешменин маселелерине (суроолоруна) справкаларды,отчетторду, көзөмөлдү окуу бөлүм башчысы жүргүзөт